# БАЙЛАНЫШТУУ КЕПТИ ОКУТУУНУН ЖОЛДОРУ

**БИЙГЕЛДИЕВА Н.А.,**
**БИЙГЕЛДИЕВА К.А.**

Байланыштуу кепти окутуунун мазмунун аныктоодо кыргыз тилин окутуунун методикасы илиминде эки чоң проблемага өзгөчө көңүл бурула электиги байкалат. Алар – байланыштуу кептин мазмундук бөлүктөрүнүн ички байланыштарын аныктоо жана биримдикте окутуу маселеси, ошондой эле байланыштуу кепти тилдин башка бөлүмдөрүн окутуу менен ажырагыс байланышта алып баруу маселеси. «Бул бөлүмдөрдүн байланышын кандай жолдор менен ишке ашыруу мүмкүндүгү, ошондой эле, тилдик каражаттардын да тыгыз байланыштагы структуралык маанисин системалуу бүтүндүк катары таанытуу (мисалы, уңгу-мүчөдөн сөз, сөздөрдөн сүйлөм, сүйлөмдөн текст курулары), фонетикалык, сөз жасоочулук, морфологиялык-синтаксистик каражаттар өз-өзүнчө каралбастан, бири-бири менен байланышта гана текст түзөрү, алардын тил, кеп, текст менен карым-катышта окутулуусу сыяктуу проблемалар да изилдөөнү талап кылат. Демек, байланыштуу кептин максат-милдеттери жана мазмуну анын тилдин бөлүмдөрү менен тыгыз биримдикте, жуурулушуп окутулары менен аныкталат» [1, 140-б.]. Байланыштуу кепти окутууда каалаган натыйжаларга жетише албай жатканыбыздын негизги себеби да В.Мусаева көтөргөн проблема менен түздөн-түз байланыштуу.

Төмөндө байланыштуу кепти окутууда тиешелүү натыйжага кантип жетүүнүн жолдору көрсөтүлөт.

Алгач, байланыштуу кеп жана анын обьектиси эмне? деген суроолорго жооп берип, байланыштуу кептин мазмундук бөлүктөрүнүн ички байланыштарын аныктап жана биримдикте окутуу маселесин чечип алуу зарыл.

“Байланыштуу кеп – кептик ишмердүүлүк, коммуникациялык фактылардын белгилүү жыйынтыгы башкача айтканда, окутулуп жаткан материалдарга карата окуучунун айтылган жообу, текстти оозеки жана жазуу түрүндө түзө алышы, окуучу тарабынан жазылган реферат, дубал газетага жазылган макала, сүрөттөө, ой жүгүртүү, доклад жана башка түрүндөгү белгилүү кептик чыгармалар, текст” [2, 5-б.].

Демек, программада белгиленген кептик ишмердүүлүк окутуунун каражаты болуп саналат да, алардын жардамы менен коммуникативдик билгичтиктер калыптанат жана өнүгөт.

Текстти түзүүнү үйрөтүү менен мугалим окуучуларга тексттин өзгөчөлүгүн билүүгө жардамдашат, белгилүү билгичтикке үйрөтөт. Ошону менен катар бул иш окуучунун коммуникативдик билгичтигине, өзгөчөлүгүнө үйрөтүүнүн каражаты болуп кызмат кылат.


Андыктан алгач байланыштуу кепти өнүктүрүү үчүн түзүлгөн иштин мазмунун, методун, окутуунун каражатын тактап алыш керек.

Окуучулардын байланыштуу кебин өнүктүрүү үчүн түзүлгөн иштин мазмунун аныктоодо алар: мектепке кандай коммуникативдик – кептик билгичтиктери менен келишерин, алардын байланыштуу кебин өнүктүрүүнүн кандай тенденциялары бардыгын тактап алуу зарыл. Алар төмөнкү таблицада чагылдырылган (1-2-таблицалар).

**1-таблица. Окуучулардын оозеки кебин өнүктүрүүнүн башкы тенденциялары**




**2-таблица. Окуучулардын жазуу кебин өнүктүрүүнүн башкы тенденциялары**




**Мектептин окутуу ишмердүүлүгүндө кептин оозеки жана жазуу**

Мектептин окутуу ишмердүүлүгүндө кептин оозеки жана жазуу түрүндөгү түрлөрү өнүгөт, ушул учурда маалыматты кабыл алуунун, түшүнүүнүн, кайра айтып, жазып берүүнүн коллективдүү пикирлешүүнү уюштуруунун каражаты болуп саналат.

Ал таануунун, жеке туюмдун улууларга, жолдошторуна карата жасаган мамилесинин каражаты да болот. Окуучулар мектепте гана кептин китептик стили боюнча маалымат, билим алышат.

Психология жана методика илимдеринде кептин ички (ой жүгүртүүчүлүк) жана сырткы деген эки формалары бар. Ички формасында кептик ишмердүүлүктүн алгачкы этабы башкача айтканда, кепти ойлонуунун, пландоонун этабы жаралат. Ал конкретүү сөздүк – грамматикалык формада болбостон, жалпыланган түрдө, семантикалык комплекс (келечектеги айтуунун жолдору) түрүндө болот. Андан кийин ички кеп сыркы кеп түрүндө

конкреттүү сүйлөмдөрдүн, билдирүүлөрдүн, тексттин негизинде реализация этабын жаратат.

Сырткы, реализацияланган кеп оозеки жана жазуу формасында болот. Т.А.Ладыженская оозеки кептин өзгөчөлүктөрүн ал лаконизм түрүндө болорун (айтып берүүнүн кыскалыгы), сөздөрдүн көп кайталанарын, керектүү сөздү табуу үчүн тыным жасаларын, сүйлөмдүн толук түзүлбөй каларын жана башкаларды белгилеген [3, 43-б.].

Оозеки кеп диалогдук жана монологдук түрдө болот (1-сүрөттө берилди).

**1-сүрөт. – Оозеки кептин бөлүнүшү**




Оозеки кеп практикалык жактан жазуу кепке таасирин тийгизет.

Жазуу кеп оозеки кептен айырмаланып, алдын ала даярданылат, тилдик каражаттарды орундуу колдонот, татаал синтаксистик конструкцияларга ээ, сүйлөм толук түзүлөт.

“Кептин тигил же бул түрү боюнча иштөөдө методика илими анын коммуникативдик – психологиялык жана тилдик өзгөчөлүктөрүн, алардын пассивдүү жана активдүү формаларын да эске алат. Оозеки кепке угуу, сүйлөө, жазуу кепке жазуу, окуу мүнөздүү” [4, 45-б.].

“Байланыштуу кеп – кыргыз тилинин теориялык материалдарын оозеки жана жазуу кебинде пайдалана билүүгө үйрөтүүчү илимдин бир тармагы. Демек, кыргыз тилин окутууда анын практикалык негиздерин өркүндөтүү үчүн, бул маселеге өзгөчө көңүл бурулууга тийиш.” [2, 4-б.].

Окуучулардын байланыштуу кебин өркүндөтүүдө сабакта каралган материалдар саясий, нравалык жана эстетикалык тарбияны көздөгөн көнүгүүлөрдөн турат. Бул иштер

кыргыз тили сабагында жана класстан сырткары окууда жүргүзүлөт. VI-VII класстарда – аңгеме баяндоо, жазуу түрүндөгү көнүгүүлөр болот.

Жогорку класстар байланыштуу кеп боюнча берилүүчү тапшырмалар татаалдашат. Алар кыргыз тили боюнча сөздүк байлыкка жана синтаксистик конструкцияларга, кыргыз тилинин грамматикасы боюнча билимге ээ болушат.

Балдардын билиминин, билгичтиктеринин, көндүмдөрүнүн деңгээли өздөрүнүн жекече иш аракетине байланыштуу болот, группалык жана жеке тапшырмалар жөнөкөйдөн татаалга өтөт. Байланыштуу кебин өнүктүрүүдө газета-журналдардын, радио берүүлөрдүн, теле көрсөтүүлөрдүн материалдары каралат, бул этапта окуучулардын оозеки жана жазуу кеби өнүгөт.

Байланыштуу кеп – бул өз алдынча тармак катары өзүнүн обьектисине, предметине, милдет-максаттарына, мазмунуна ээ болуу менен, тилдин бөлүмдөрү менен биргелешип, баланын оозеки, жазуу кеп маданиятын өнүктүрүүгө өбөлгө түзүүчү бирден бир бөлүм болуп саналары илимий-методикалык жактан негизделди.

Пайдаланылган адабияттар:

1. Мусаева, В.И. Байланыштуу кепти, кептин стилдерин окутуу (5-11-класстар). Монография. - Б.: Гүлчынар, 2009. – 170 б.

2. Кыргыз тилинин программасы. V-XI класстар үчүн. Түзгөн: Б.Өмүралиев, С.Үсөналиев, С.Рысбаев, В.Мусаева – Б.: 2009. - 91 б.

3. Методика развития речи на уроках русского языка. под ред. Т.Р. Ладыженской. – М.: Просвещение, 1991 – 237 с.

4. Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары: - Б.: 2007. – 307 б.